| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>БАТКЕН ОБЛУСУ<br>КАДАМЖАЙ РАЙОНУ<br>УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО КЕНЕША |
|---|---|---|

Уч-Коргон айылдык кеңешинини VII чакырылышынын кезектеги
IV сессиясы

26-январь 2022-жыл Уч-Коргон айылы

ТОКТОМ №4/6

Уч-Коргон жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2021-жылда аткарган иштери жана 2022-жылдын бюджетин, жамааттык планын бекитүү

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Уч-Коргон жайыт комитетинин 2021-жылдын 24-январында жалпы отчеттук чогулушунда кабыл алынган, 2021-жылдын бюджети жана белгиленген тарифтар толугунча бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын 2011-жыл 11-июнундагы №91 "Жайыттар жөнүндө" мыйзамынын 1-8 беренелерине ылайык, Уч-Коргон жайыт комитетинин 2022-жылга жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттык планы жана орто мөөнөттүү 2021-2023-жылдарга планы. 2022-жылдын бюджети 2022-жыл 24-январындагы жалпы отчеттук кайра шайлоо чогулушунун токтомдору бекитилсин. Б.Юрсунов Уч-Коргон Ж.Книн төрагалыгына дайиндалсын.Кыргыз Республикасы "Жайыттар жөнүндө " мыйзамын 10 беренесине ылайык, 2022-жылга аныкталган жайыт жерлерин пайдалануу үчүн төмөнкүдөй жайыт акылары бекитилсин. Төлөнүүчү жер салыгы ушул жайыт акыларынын ичине киритилсин.
   1. Бөдө мал 200 сом
   2. Анын ичинен 1 жашка чейинки 150сом
   3. Кой эчки 35 сом
   4. Жылкы 300 сом
   5. Анын ичинен 1 жашка чейинки 210 сом
   6. Топос 300 сом
   7. Анын ичинен 1 жашка чейинки 210 сом

КР "Жайыттар жөнүндөгү" 26-январь 2009-жылдагы №30 мыйзамынын 2,3-1,10 беренелерине ылайык, КР Өкмөтүнүн жайыт ресурстарын мал жайуу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берууну жонго салуу максатында КР Өкмөтүнүн 2013-жыл 13-сентябрь №515 токтому

колдонууга алынсын жана ушул токтом менен бекитилген типтүү ЖОБОдо көрсөтүлгөн келишим менен түздөн-түз келишим түзүү укугу Уч-Коргон жайыт комитетине ыйгарылсын.

Убактылуу мал тууручу жайлар, короолор убактылуу чабандык уйлөр кампа бастырма жана башка өндүрүштүк жайлар үчүн – 1 чм жайытке 10 сом жайыт акы белгиленсин. 0,01 жайыт аянты башка максаттарга пайдалануу үчүн 30 сом жайыт акы белгиленсин.

Жогоруда аныкталган жайыт акылары Уч-Коргон жана Чаувай айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучуларынын тышкары жарандарга 2 эсе жайыт акы белгиленсин.

Уч-Коргон айыл өкмөтүнүн эсебинде калуучу 3/1 эсе жайыт акы кайра жайыт инфраструктурасы ондогоо жайыт комитетине өткөзүп берилсин.

МТЗ-82 тракторуна айыл чарба агригаттары (плуг, барама, канала копотель, прицеп жана башкалар) келишим менен алып пайдаланылсын. Тракторист эмгек акы техника кызматынын түшкөн акча эсебинен бекитилген тариф менен төлөп берилсин. Жайыт акы чогултуучу инспекторлорго, чогултулган акчанын 15% га чейин эмгек акы эсебинде берилсин. Убактылуу жайыт коорордары жана башка адистер (юрист, аудит бух. жб.) келишим менен иштетилсин.

Жайыттардын чек араларын белгилоо, жайыт акы чогултуу боюнча иш чаралардын баары Уч-Коргон жайыт комитетине жүктөлсүн.

3. Мамлекеттик жана социалдык төлөмдөр өтө зарыл учурларда административдик эсептен туз өткөрүүлсүн.

4. Ушул токтомдун аткарылышын козөмөлдөө жагы Уч-Коргон жайыт комитетинин төрагасы Б.Юрсуновго жүктөлсүн.

**Уч-Коргон айыл кенешинин төрагасы:** **Б.Юрсунов**